КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
САЛАМАТТЫК САКТОО
ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ
МИНИСТРЛИГИНИН
АЛДЫНДАГЫ ДАРЫ КАРАЖАТТАРЫ
ЖАНА МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМДАР
ДЕПАРТАМЕНТИ

720044, Кыргыз Республикасы
Бишкек ш., 3-линия көчөсү, 25
Тел: (0312) 21-92-86, тел. факс: (0312) 21-05-08,
E-mail: dlsmi@pharm.kg

ДЕПАРТАМЕНТ
ЛЕКАРСТВЕННЫХ СРЕДСТВ
И МЕДИЦИНСКИХ ИЗДЕЛИЙ
ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ
ЗДРАВООХРАНЕНИЯ
И СОЦИАЛЬНОГО РАЗВИТИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

720044, Кыргызская Республика
г. Бишкек, ул. 3-линия, 25
Тел: (0312) 21-92-86, тел. факс: (0312) 21-05-08,
E-mail: dlsmi@pharm.kg

05.11.2021г № 12-1974/2

На № ________________ от____________

**Кыргыз Республикасынын**
**Дүң жана чекене**
**фармацевтикалык уюмдарына**

КР СМ алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти (Департамент) төмөнкүдөй маалымдайт, КР Министрлер кабинетинин 28.07.21-жылдагы № 91 «Кыргыз Республикасында дары каражаттарына бааларды жөнгө салуунун убактылуу эрежелерин бекитүү жөнүндө 29.10.2019-жылдагы №579» КР ӨТ өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтомун аткаруу үчүн Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун Кошумча программасынын жана Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында төлөнө турган 234 соодадагы аталыштагы дары каражаттарынын катталган чектелген дүң жана чекене баалары менен дары каражаттарынын тизмеси бекитилди, жана ошондой эле коронавирус инфекциясын (COVID-19) дарылоо үчүн колдонулган, катталган дары каражаттары кирди. Арыздар келип түшкөндө тизме толукталат.

Бааларды жөнгө салуу боюнча иштин айкындуулугун камсыз кылуу жана калктын жана фармацевтикалык компаниялардын маалыматка жетүүсүн камсыздоо үчүн, дары каражаттарынын жана медициналык буюмдардын улуттук электрондук маалымат базасы (ЭМБ) менен интеграцияланган баалардын электрондук каталогу иштелип чыкты.

Дары каражаттарынын катталган чектелген дүң жана чекене баалары жөнүндө маалымат ДКжанаМБДнин расмий сайтында жайгаштырылган (http://www.pharm.kg/ru/price_regulation/), жана ошондой эле Электрондук маалымат базасында төмөнкү ссылка боюнча http://www.ndb.med.kg, (кирүү үчүн «коргоочу кодду» терүү керек жана «дарылардын баалары» баскычын басуу керек) көрүүгө болот.

Аталган токтомдун 27-пунктуна ылайык, катталган чектелген баа төмөнкүлөр үчүн күчүнө кирет:

- дары каражаттарынын дүңүнөн сатууну жүзөгө ашыруучу фармацевтикалык уюмдар үчүн 30 календардык күндүн ичинде;

- дары каражаттарын чекене сатууну жүзөгө ашыруучу уюмдар үчүн - алар катталган күндөн тартып 45 календардык күндүн ичинде.

Ушуга байланыштуу, баалар күчүнө киргенден кийин, бааларды катталган чектүү дүң жана чекене бааларга ылайык келтирүү керек.

«Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 2-пунктуна ылайык, товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) жөнүндө маалымат сөзсүз түрдө бааны, комиссиялык сый акыны жана улуттук валютадагы жана (же) пайыздык маанидеги тарифти, ошондой эле товарларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатып алуу шарттарды камтууга тийиш, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 6-апрелиндеги №137 токтому менен бекитилген Талаптагыдай фармацевтикалык практиканын эрежелеринин (GPP) 46-пунктуна ылайык, дарыкана уюмдарында дары каражаттарына жана медициналык буюмдарга, дарыкана уюмдарынан берүүгө уруксат берилген башка дарыкана ассортиментиндеги товарларга бааларды жайгаштырууга милдеттүү.

Ошондой эле республиканын дарыкана уюмдарында жарандардын ыңгайлуулугу үчүн дары препараттардын бекитилген чекене баалары менен тизмеси кагаз түрүндө соода аянтчасынын көрүнүктүү жерине жайгаштырылышы керек.

Маалымат үчүн белгилей кетсек, жогоруда аталган токтомдун 33-пунктуна ылайык, мамлекеттик көзөмөлдөө ушул убактылуу эрежелердин талаптарынын сакталышын текшерүү жолу менен монополияга каршы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана анын аймактык бөлүмдөрү тарабынан Кыргыз Республикасынын текшерүү тармагындагы мыйзамына ылайык ишке ашырылат.

Кошумча катары, өзгөчө кырдаал режими учурунда Жашоо үчүн маанилүү дары каражаттарынын жана медициналык буюмдардын улуттук тизмесиндеги дары каражаттарына негизсиз бааны көтөрүүгө жол берилбестиги тууралуу дагы бир жолу кайталайбыз, бул талапты аткарбоодо Кыргыз Республикасынын “Бузуулар жөнүндө” кодексинин $49^1$-беренесине ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, мыйзамдын көрсөтүлгөн ченемдерин талаптагыдай аткаруу максатында бардык дары каражаттарына жана медициналык буюмдарга баа белгилеринин болушун, ошондой эле чекене фармацевтикалык уюмда көрүнүктүү жерге жайгаштырылышын камсыз кылуу зарыл, дарыларга бекитилген чекене баалардын тизмеси менен маалыматтар болуусу шарт.

**Директор** **Н.М. Кагаздиев**

СӨБ, БЖМ сектору, 21 92 96.